**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУ**

720040, Бишкек ш., Абдумомунов көчөсү, 205
тел.: 66-11-13, факс: 66-10-89
vskr@sot.kg
э/э № 4402011101031388
БИК 440001 КР ФМ Борбордук казналыгы
ИНН 02201200210073

**ВЕРХОВНЫЙ СУД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720040, г.Бишкек, ул. Абдумомунова, 205
тел.: 66-11-13, факс: 66-10-89
vskr@sot.kg
р-с № 4402011101031388
БИК 440001 Центральное казначейство МФ КР
ИНН 02201200210073

18.06.21 № 01-322

На № ________ от ____________

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-09/1949
« 19 » 06 2021 ж/г

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту Сиздин 2021-жылдын 18-июнундагы чыгыш № 04-1-09/612 сандуу катыңызга төмөнкүлөрдү билдирет.

Бакай-Ата райондук сотунун 2019-жылдын 30-апрелиндеги өкүмү менен Кубанычбеков Абдыбаказ Советбекович Кыргыз Республикасынын ЖКнин 320-беренесинин 2-бөлүгү боюнча (4 эпизод) күнөөлүү деп табылып, ар бир эпизод боюнча эсептик көрсөткүчтүн 2 600 (эки миң алты жүз) өлчөмүндөгү башкача айтканда 260 000 (эки жүз алтымыш миң) сом айып салынган. Кыргыз Республикасынын ЖКнин 329-беренесинин 1-бөлүгү боюнча күнөөлүү деп табылып, эсептик көрсөткүчтүн 2 200 (эки миң эки жүз) өлчөмүндөгү башкача айтканда 220 000 (эки жүз жыйырма миң) сом айып салынган. Кыргыз Республикасынын ЖКнин 78-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде биротоло эсептик көрсөткүчтүн 3 000 (үч миң) өлчөмүндө, тактап айтканда 300 000 (үч жүз миң) сом айып салынган. А.Кубанычбековдон Боо-Терек айыл өкмөтүнүн пайдасына 135 000 сом (жүз отуз беш миң) сом материалдык зыян өндүрүлүүсү көрсөтүлгөн.

Талас областтык сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясынын 2019-жылдын 29-июлундагы өкүмү менен Бакай-Ата райондук сотунун 2019-жылдын 30-апрелиндеги А.Кубанычбеков жөнүндөгү өкүмү өзгөртүлгөн. Өкүмдүн корутунду бөлүгүнөн материалдык зыян өндүрүү жөнүндөгү бөлүгү алынып салынган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясынын 2019-жылдын 17-декабрындагы токтому менен Талас областтык сотунун 2019-жылдын 29-июлундагы А.Кубанычбеков жөнүндөгү өкүмү өзгөртүлгөн. А.Кубанычбеков Кыргыз Республикасынын ЖКнин 320-беренесинин 2-бөлүгү боюнча (4 эпизод) жосундун декриминалдашуусуна байланыштуу жазадан бошотулган. Кыргыз Республикасынын КЖКнин 315-беренесинин 1-бөлүгү (1997-жылдын 1-октябрындагы редакциясы) боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу жаза белгиленбеген. Өкүмдүн корутунду бөлүгүнөн "Кыргыз Республикасынын ЖКнин 78-беренесин" колдонгон бөлүгү алынып салынган. Өкүмдүн калган бөлүгү өзгөртүүсүз калтырылган.

**Төраганын м.а.** **К.Эсенканов**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

89 Qo 2S nC QC fc 7Y Mv gl Y3 F1 sy df 6J 4r uW
JD Qc x4 f4 Bz ll 7P Lh dd DG B7 M0 XV ZX yZ s9
Владелец: Эсенканов Качыке
Действителен: с 28.04.2021 по 28.04.2022